УДК 297.09(575.2)

[1]**Закиров М.А.** т.и.к., ага и.к.
[2]**Сабиров Р.К.** т.и.к., доцент
**Закиров М.А.**
кандидат исторических наук, старший научный сотрудник
**Сабиров Р.К.**
кандидат исторических наук, доцент
**Zakirov M.A.**
candidate of historical sciences, senior researcher
**Sabirov R.K.**
candidate of historical sciences, associate professor

# ЭШЕН, МАКСЫМ, КОЖОЛОРДУН ИСЛАМ ДИНИН ЖАЙЫЛТУУДАГЫ РОЛУ (ТҮШТҮК КЫРГЫЗСТАНДЫН МИСАЛЫНДА)

# РОЛЬ ИШАНОВ, МАКСЫМОВ И ХОДЖЕЙ В РАСПРОСТРАНЕНИИ ИСЛАМА (НА ПРИМЕРЕ ЮЖНОГО КЫРГЫЗСТАНА)

# THE ROLE OF ESHENS, MAKSYMYS, AND KHOJAS IN THE SPREAD OF ISLAM (THE CASE OF SOUTHERN KYRGYZSTAN)

*КР Президентине караштуу*
*Улуттук илимдер академиясы, Б.Жамгырчынов атындагы*
*Тарых, археология жана этнология институту*
*Б.Т.Турусбеков атындагы*
*Кыргыз мамлекеттик дене тарбия жана спорт академиясы*

*Национальная академия наук при Президенте Кыргызской Республики, Институт истории, археологии и этнологии им. Б. Жамгырчинова*
*Кыргызская государственная академия физической культуры и спорта им. Б. Т. Турусбекова*

*National Academy of Sciences under the President of the Kyrgyz Republic, Institute of History, Archeology and Ethnology named after. B. Zhamgyrchinova*
*Kyrgyz State Academy of Physical Culture and Sports named after. B. T. Turusbekova*

**Аннотация.** Эмгекте Баткен чөлкөмүн исламдаштыруу, ал жараянга – эшендердин, максымдардын, кожолордун кошкон салымы ж.б. маселелер талдоого алынган. Белгилүү болгондой исламдын Фергана аймагында таралышы менен жергиликтүү элдердин ишенимдери гана эмес, алардын жашоо турмушу, маданияты да өзгөрүүгө дуушар болгон. Ислам коомчулугундагы ыйык эсептелинген эшендер, максымдар жана кожолор динди таркатуу менен гана чектелбестен, элдин адеп-ахлагын, руханий абалынын өзгөрүшүнө зор салым кошушкан. Изилдөөдө Баткен аймагында исламий ири ыйык жайлар, алардын тарыхы боюнча да маселелерди талдоого алынган.

**Негизги сөздөр:** ислам, аймак, саиддер, эшен, максым, кожо, Фергана аймагы, Баткен, дин таркатуу, халифат.

**Аннотация.** В работе анализируются вопросы исламизации Баткенского региона, а также вклад ишанов, максымов и ходжа в данный процесс. Как известно, с распространением ислама в Ферганской долине изменениям подверглись не только религиозные убеждения местных народов, но и их образ жизни и культура. Ишаны, максымы и кожо, которые в исламском обществе считаются святыми и почитаемыми личностями, занимались не только распространением религии, но и внесли значительный вклад в формирование нравственности и духовного состояния народа. В исследовании также рассматриваются вопросы, связанные с крупными исламскими святыми местами Баткенского региона и их историей.

**Ключевые слова:** ислам, регион, саиды, эшен, максым, кожо, Ферганская долина, Баткен, распространение религии, халифат.

**Annotation.**This paper analyzes the process of Islamization in the Batken region and examines the contributions of eshens, maksymys, and khojas to this process. It is well known that with the spread of Islam in the Fergana Valley, not only the religious beliefs of local peoples changed, but also their way of life and culture. Eshens, maksymys, and khojas, who are considered sacred and respected figures in Islamic society, were involved not only in spreading religion but also made a significant contribution to shaping the moral values and spiritual condition of the people. The study also examines major Islamic sacred sites in the Batken region and issues related to their history.

**Keywords:** Islam, region, sayyids, eshen, maksym, khoja, Fergana Valley, Batken, spread of religion, caliphate.

VII к. Араб коомчулугунда түптөлгөн ислам дини мезгилдин өтүшү менен согуш же даават жолу аркылуу башка аймактарга тарай баштаган. VII–VIII кк. Умейа, кийинчерээк Абасиддер халифаты мезгилинде ислам дини дүйнөнүн булуң бурчтарына тарай баштайт. Эгерде Мухаммад пайгамбардын мезгилинде мамлекеттин борбору Мекке жана Мадина болгон болсо, кийнчерээк ал Дамаск, Багдад шаарларына көчүрүлгөн. **Бул мезгилде ислам дини Сирия, Персия, Борбордук Азия, Түндүк Африка, Ооганстан, Индия, Индонезия, Малайзия ж.б. аймактарга жайылтыла баштаган [1.71-б.].**

Борбордук Азияда ислам дининин таралуусу жана бекемделүүсү көп убакытты талап кылган жана аймактагы ири саясий эана социалдык өзгөрүүлөрдүн жүрүшүн шарттаган. Исламга чейин аймактын калкынын басымдуу бөлүгү теңирчилер болушкан. Ал эми башка диндер: отпарастык (зороастризм), бутпарастык (буддизм) ж.б. локалдуу мүнөзгө ээ болгон [2. 24-31-бб.].

**Халифа Омар ибн Хаттабдын, кийнчерээк Осман ибн Аффандын доорунда ислам динин чет жактарда таратуу максатында аскердик жортуулдар башталган.** Биргелешкен араб аскердик күчтөрү **Персия, Азербайжан, Армения, Грузия, Каспий аймагы, Хорасан, Табарстан, Систан жана Кабул** аймактарын багынтышкан. Бул жараян Халифа **Алиден кийин** үзгүлтүккө учураган, бирок Омейяд доорунда кайра жанданып, Абдул Малик ибн Марван жана анын балдары башкарган доордо ислам дини кеңири жайылтыла баштаган.

Борбордук Азияда, анын ичинде азыркы Түштүк Кыргызстандын аймагында исламды таратууда Хорасан акими (704-715-жж.) Кутейба ибн-Муслимдин (669-715-жж.) жортуулдары зор рол ойногон. Ал 3-4 жыл аралыгында Хорезм, Тохаристан, Согдия жана Фергана аймактарын өзүнө караткан. Кутейба ибн-Муслим Бухара шаарын басып алып, элди ислам динине киргизип, отпарастык жана бутпарастык ишенимдерди жок кылуу максатында алардын сыйынуучу жайларынын ордуна мечиттерди салдыртып, буттарды талкалап жок кылган.

Кутейба ибн-Муслимдин[1] дин таркатуу үчүн жүрүшү Фергана аймагында да күчтүү жүргөн. Анын аскердик гарнизону азыркы Баткен облусунда жайгашкан (Тажикстан менен чектеш аймакта). Арабдар Баткен аймагындагы суунун таңкыстыгын, жерлердин аравиядагы чөлдөргө окшош экенин байкашып аны «Бахили өрөөнү» деп аташкан (Ибн Кутейбанын уруусунун атынан) [3.2-б.]. Ошол мезгилде аймакта түркий элдер менен катар эле перс тилдүү элдер (согду) да жашашкан. Кутейба ибн Муслим жергиликтүү элдин күчтүү каршылык көргөзүүсүнө карабай жеңишке жетишип, түрдүү амалдар менен элди исламдаштырууга аракет жасаган. Ал ислам динин кабыл алган элди салыктан бошоткон, дин үгүттөөчүлөрүнө кошумча жерлерди берип, казынадан акы төлөп турган. 715-ж. Халифаттагы төңкөрүштүн таасири Кутейба ибн Муслиге да жетип, финтналар күчөп, аны өз алдынчалыкка умтулуп жаткандыкта айыптап, өлтүрүшкөн. Тарыхый булактарга караганда анын башы

[1] *Абу Хафс Кутайба ибн Аби Салих Муслим ибн Амр ал-Бахил (бахилит уруусунан чыккан).*

Аравияга алынып кеткен, ал эми денеси болсо азыркы Өзбекстандын Жалал-Кудук районунун борборунда жайгашкан күмбөзгө коюлган. Ал эми башка маалыматтарга караганда анын денеси Баткен аймагына коюлган, анткени анын гарнизону ушул жерде болгон [4. 144-б.].

Умея тобу жетектеген Араб халифатынын башчылыгына келген Хишеме Хорасанда Наср-ал-Сейярды акимдикке дайындайт. Ал Сеярдын 735-ж. Мавераннахрга күчтүү кол менен басып киրүүсүнө каршылык көргөзгөн согдулар чоң жоготууга учурашат [3. 3]. Бүгүнкү күндө Кутейба ибн Муслимдин ордосуна («Исама-бен-Абдуллах-ал-Бахили») байланыштуу тарыхый булактар Иордания падышасынын китепканасында сакталып турат. Баткен районунун Ак-Сай капчыгайындагы таштарда перс жана араб, айрыкча, 1041-ж. Караханийлер доорундагы жазуулары сакталып калган. Ал жазуу Али Саид хандын уулу, Наср Эмирдин небереси «Даңктуу тегин» Исфаранын башкаруучусу караханид Муизз-ад-Дауля Арслан тегин Абу-л-Фазл ал Аббастын мезгилине таандык. Жогоруда аталган жазуу окумуштуулар тарабынан 1950-ж. изилденип, Караханийлер дооруна таандык экендиги аныкталган. Мындан башка бул аймактарда тоолордо, күмбөздөрдө (кабыр таштарында) көптөгөн араб жазуулары кездешет. Бирок, азыркы күнгө чейин бул тарыхый эстеликтер, исламий баалуулуктар терең иликтене элек [5.49-б.].

Алгач согуш аркылуу жайылтылган ислам диин акырындык менен даават, тынчтык жол менен жайылтыла баштаган [5. 50-б]. Аймактын исламдашуусу менен катар маданий чөйрөдө да ири өзгөрүүлөр ишке ашкан [2.24-31-бб.].

Борбордук Азиянын исламдашуусу менен катар ислам баалуулуктары, ислам цивилизациясы калыптанып, аймак акырындык менен ислам дүйнөсүнүн ири борборлоруна айланган.

Борбордук Азияда, анын ичинде Фергана аймагында исламды жайылтууда тарикат муршиддери (эшендер) зор рол ойношкон. Түркстан аймагынын бардык булуң-бурчтарында, анны ичинде Баткенде да тарикаттардын, эшендердин таасири өтө күчтүү болгон [6. 212].

Дин жайылткан арабтардын муундары кожолор, тарикат пирлери – эшендер, алардын урпактары – максымдар Кыргызстандын түштүк аймактарында өтө көп болушкан. Мисалы, кожолордун урпактарынын өкүлү катары Баткен районун Карабулак айылынын тургуну Акматов Тагайханды атоого болот. Ал исламды жайылтуу максатында эшендердин, кожолордун Баткен аймагына келүүсүн төмөнкүчө баяндап берген. Мухаммад Пайгамбардын небереси Хасандан тарагандар “Шариф”, ал эми Хусайинден тарагандар “Саид” деген наам менен аталышкан. Саиддерден (Хусайиндин урпактарынан) – эшендер келип чыккан. “Саид” деген сөз араб тилинен которгондо улуу, азиз деген маанини берет.

Болжолдуу түдө 14-к. Арабстандан Саид Шайх Хабибулло уулу Зухридин (кожолор) Фергана аймагына, анын ичинде Баткенге келгендиги жөнүндө маалыматтар бар. Эшендердин аймакка келиши ушул инсандар менен түздөн-түз байланыштуу. Шайх Хабибуллонун уулу Зухридин Одил, Обидин аттуу эки уулдуу болгон. Одил Бухарада илим алып, ири мечиттердин биринде имам болуп, көрүнүктүү аалым, мударис болгон (ошол шаарда көз жумаган). Ал эми Обидин Амир Темирдин доорунда илимдүү, такыба инсан болгон [7.] Кожо Обидин Амир Темирдин уруксаты менен Баткен чөлкөмүнө диний үгүт иштерин жүргүзүү максатында келген. Ал азыркы Баткен районуна караштуу Карабак айылында бийик дөбөгө үй салып, ошол аймакты жердеп калган. Ал аймакта муриддерди даярдап, тасаввуф илиминин жайылышына аракет жасаган. Оозеки булактарда анын эшен болгондугу же мурид-дерди даярдагандыгы жөнүндө айтылбайт. Бирок, анын Амир Темирден Баткенге көчүп баруусу жөнүндө уруксат алуусу көп нерсени аңдатып турат. Анткени, Амир Темирдин жанында дайыма белгилүү ири муршиддер болгон жана ал өзү да баят кылып, пир кармап, тарикат жолун бекем тутунган. Муну бир катар тарыхый фактылар тастыктап турат. Так ушул Амир Темирдин мезгилинде Тарикат пирлери: Арсланбап Ата (Отрар шаары), Ахмад Йассави (азыркы Түркстан шаары), Кутейба Ибн Муслимдин күмбөзү (Жалал-Кудук айылы) ж.б. бир катар шаарларда эшендердени, аалымдардын күмбөздөрүн оңдоп, кайрадан куруп, бир катар ири ме-

чит, медреселер курулган. Исламдагы улуу олуяларга урмат-сый менен мамиле кылуу, келечек муундар үчүн үлгү, өрнөк болушу үчүн алардын акыркы манзилдерин (күмбөздөрүн) зиярат жайларга айландырууга Амир Темир көп аракет жасаган.

Кожо Обидин Баткенде көпкө жашабай эле каза болуп калат. Анын сөөгү айткан керээзи боюнча өзү салган үйдүн алдына коюлуш керек болчу. Бирок мындай улуу заттын сөөгү көзү өткөн соң эл арасында талашка түшкөн. Айрым маалыматтарга караганда анын сөөгүн фарси элдери алып кетип, Исфаранын Кожой-Кабут (Чоркух) кабырстанына коюшкан. Анын уулу Саид Сабудулло атасынын жолун жолдоп, муриддерди даярдап, аймакта калып калган. Тасаввуф илимин атасы Обидинден үйрөнүп, андан тарикатты жектектөө (Эшендик даражаны) үчүн ижазат же иршад алган. Саид Сабудулло Исфара чөлкөмүндө жашап бир нече уул, кыздуу болот (элдин айтымында анын үч аялы болгон). Анын биринчи аялынан Аллаяр, экинчисинен Саид Имам, Саид Арибкан, Саид Абдулло, үчүнчүсүнөн Казыхан, Саидкан аттуу балдары болгон. Экинчи жана үчүнчү аялынын балдары ушул аталган Самаркандек, Исфара чөлкөмүндө жашайт. Ал эми Сабидиллонун биринчи аялынан Аллаяр, Ават токмоктору менен Самаркандек аймагында Кишемиш жайлоосунда жашайт. Ал жерде Аллаярдын Саид Акмат, Султан кары, Мамат төрө, Зайнидинкан деген төрт уулу болгон [7].

Коммунисттердин динге каршы саясатынан Шайх Аллаяр да жабыр тартып, куугунтукка кабылган. Ушундай абалда ал Абдурахман аттуу досу экөө кечеси ат менен Козу-Баглан тоосу аркылуу Жаманжарга барышып, андан ары Коконго келишкен. Ал жерден поезд менен Анжиянга барышат, түнү бою жөө жүрүп, Жалал-Абаддагы Жийде айылына келет. Досу Абдурахман, Аллаяр шайхти Молдо Ашир аттуу кишинин колуна тапшырган [5.5-б.]. Бүгүнкү күндө Жалалабад областында Аллаяр атындагы мечит салынгандыгы маалым. Анын уулу Саид Акмат Кишемиш жайлоосунда, ал эми Аллаяр уулу Султан каары, Исфаранын Сурх айылында, Мамат төрө Азыркы Баткен районунун Карабак айылында жашашкан. Аллаяр уулу Зайнидинхан кеңеш өкмөтүнүн диний катаал саясатынан улам камалып дайыны жок болуп кеткен. Саид Акматтын сөөгү Кишемиш жайлоосуна койулат. Анын урматына көптөгөн жакын жана алыстагы элдер келип күмбөзүн зыярат кылып турушат. Саид Акматтын Самарахан аттуу бир кызы жана Атахан, Бурканхан, Тагайхан, Жалалхан аттуу төрт уулу болгон. Чоң уулу Атахан Кишемиш жайлоосунда жашайт, Бурхан хан Самаркандекте, ал эми бизге бул маалыматтарды берген кожолордун уулдарынын бири Акматов Тагайхан азыркы Баткен районуна караштуу Карабулак айылына Самаркандек аймагындагы Кишемиш жайлоосунан көчүп келген. Кеңеш бийлигинин кысымына карабастан ачык түрдө динге үгүттөбөгөнү менен жашыруун дин өкүмдөрүн аткарып, катардагы жөнөкөй адам катары жашайт [7]. Акырындап эл арасындагы келишпестиктерди шариат негизинде чечип, элди биримдик, ынтымактык, жакшы иштерди жасоого, жамандыктан оолак болууга үндөп, эл ичинде кадыр-баркка ээ боло баштайт. Саиддердин урпагы Акматов Тагайхан 60 жыл чамасында аталган аймакта жашап, ислам баалуулуктарын эл арасында жайылтып, айылдыктардын руханий тиреги болгон [8]. Саид Акматтын төртүнчү уулу Акматов Жалалхан азыркы учурда Самаркандек айылында жашайт жана Паскы-Арык мечитинде имамдык кызматты аркалап келет.

Ошондой эле дагы бир максымдар деп эл ичинде айтылып жүргөн Баткен районунун Кыштут айылында жашаган белгилүү Үсөн ажы Мамасабиров тууралуу белгилеп кетсек болот. Ал 1955-ж. 13-майда Баткен районунун Кыштут айылында диний илимге умтулган, кадыр-барктуу үй-бүлөдө жарык дүйнөгө келген. Ал 1962–1972-жж. орто мектепти аяктап, андан соң 1972–1975-жж. Баткен районундагы кесиптик окуу жайда билим алган. Диний илимге болгон умтулуусу менен 1975–1980-жж. аралыгында Молдо Сабыр, Молдо Шамсуддин Молдо Шакир жана Молдо Абдусаттар сыяктуу белгилүү дамлалардан диний билим алган. 1977–2014-жж. Кыштут айылында имамдык кызматты аркалап, элге ак ниети, терең билими жана таза ишмердүүлүгү менен кеңири таанылган. 1993-ж. райондон алгачкылардан болуп ажылык сапарга барып келген. Дин кызматкери катары он төрт жылга жакын убакыт бою элге акыйкат дин түшүнүгүн жеткирүүдө жана

туура багыт берүүдө өзгөчө эмгек кылган. Ал өз шакирттерине Ханафи мазхабынын негиздерин жана Матуридий акыйдасын таалим берип, ушул багыттарды жайылтууда зор салым кошкон.Үсөн ажы өз ишмердүүлүгүндө динге каршы келген, эл арасында калыптанган туура эмес салт-санаалардын жоюлушуна да олуттуу таасир эткен. Бүгүнкү күндө да ардактуу карыя катары дамлаларга акыл-насаатын айтып, руханий таяныч болууда.

Үсөн ажы 4 уул, 5 кыздын, 32 небере жана 13 чөбөрөнүн атасы. Үсөн максымды чоң атасы Жапаркул эшен билимдүү киши болгон. Ал диний сабатын Кокон хандыгынын өкүлү Нарбото-бий аркылуу ачып, аалымдардан билим алган. Араб тилин жана ислам илимин жакшы билген. Ошондуктан айылдаштары аны "максым", "эшен" жана "олуя" деп аташкан. Ал медреседе окуган балдар үчүн 1846-ж. атайын мончо курдурган. Ал мончого медреседе окугандар гана эмес, башка карапайым калктын өкүлдөрү да келип турушкан. Азыркы Өзбекстан, Тажиксатан аймактарынан келген коноктorду тосуп алып, мончону ысытып, андан соң чай берип, дин, жашоо, дүйнө тууралуу айтып берчү. 175 жылдык тарыхы бар мончонун узундугу 7, туурасы 3 метр. Мончо көп жылдардан бери колдонулбай калган. Бирок аны архитектуралык эстелик катары молдонун туугандары карайт, сыртын ондоп коюшкан. Мончонун асты цемент, бирок алдында мешке уланган түтүктөр болгонуктан ал дайыма жылуу болуп турганын айтышат. Жапаркул Эшендин күмбөзү да ушул мончого жакын жерде жайгашкан [9].

Жогоруда айтылгандардан улам төмөнкүдөй тыянактарды чыгарууга болот:

- Азыркы Кыргызстандын аймактарынын ичинен Сафед-Булан (Ала-Бука районунан сырткары) ислам жайылтылган эң алгачкы жерлердин катарына Баткен өрөөнү да кирет. Араб кошуундары дал ушул аймакта жайгаштырылып, ислам динин аймакка жайылта баштаган. Бул жараян узак убакытка созулган жана татаал мүнөздө ишке ашкан.
- Республиканын түштүк-батышындагы Баткен чөлкөмүн байырлаган кыргыздарда коңшу отурукташкан тажик жана өзбектердин таасири жана тыгыз карым-катнаштардын негизинде ислам дини бекем болуп, элдин диний аң-сезими жана шарият менен жашоосу күчтүү болгон.
- Аймакта динди таркатуучулар жана ислам баалуулуктарын сактап калуучулар катары тарикат муршиддери – эшендер, кожолор болушкан. Аймакта диндин таасиринин күчтүү жана элдин динге бекем болушуна аймактын исламий борборлорго – Кокон, Наманган, Анжмян, Хожент, Бухара жана Самарканд ж.б. ири шаарларга салыштырмалуу жакын болгондугунда турат. Анткени, чоң шаарларда өз мезгилинде ири аалымдар чыгып, ислам маданиятынын өнүгүшүнө зор салым кошушкан.

**Колдонулган адабияттар**

1. Кененсариев Т. Ислам дининин Кыргызстанда таралыш этаптары / «Ислам, тарых жана азыркы мезгил» / Илимий-практикалык конференция. Жалал-Абад, 2004-ж. 24-31-б.
2. Абдурахманов Г. Эшендердин, кожолордун баяны. Баткен, 2010.
3. Абдурахманов Г. Адам атадан өзүмө чейин. Баткен, 2008.
4. Кадыров А. "Баткен тарыхы". Ош, 2014.
5. Осмонов Ө.Ж. Кыргызстан тарыхы. Бишкек, 2014.
6. Шайдуллаева Т. «Пирим» // Баткен таңы. №6 (633) 10.02.2014.
7. Талаа булактары: Баткен районунун Кыштут айылынын Үсөн ажы Мамасабиров менен маек.
8. Талаа булактары: Баткен районунун Кара-Булак айылынын тургуну Акматов Тагайхан менен маек.